Математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Математиканы, информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын 2023-жылдын 24-февраль күнү болгон кеңешмесинин №7-протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

**Катышкандар:** каф.башчысы, п.и.д., профессор Келдибекова А. О., доценттер Аттокурова А. Дж., Оморов Ш. Д., Култаева Д. Ч., ага окутуучулар Тагаев У. Б., Садыков З., окутуучулар Сооронбаева К. А., Авазова Э. Т., Мамыргазы кызы К., улук адис Батырбек у Б.

**Күн тартиби:**

7. Ар түрдүү маселелер

в) Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айыл өкмөтүнө караштуу Ө. Абдылдаев атындагы орто мектеби, М. Баатыров атындагы орто мектеби, А. Осмонов атындагы орто мектебинин директорлору жана математика мугалимдеринен “Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасы жана “Билим берүүдөгү менеджмент” багыты боюнча анкетирлөө жүргүзүү.

**Угулду:**

МИОТжББМ кафедрасынын башчысы Келдибекова А. О.:

- Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айыл өкмөтүнө караштуу мектеп директорлорун жана математика мугалимдеринен “Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасы боюнча анкетирлөө жүргүздүк. Жалпысынан: 3 директор, 9 математика жана информатика мугалими катышты. Өз ойлорун, пикирлерин жана сунуштарын билдиришти.

**Сөзгө чыкты:** кафедранын окутуучусу Мамыргазы кызы К.:

- “Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасы боюнча жалпы 9 адам катышкан. Алар бүтүрүүчүлөр заман талабына жана педагогикалык чеберчиликке, алган билимин практикада колдоно билсе, билим берүүдө улуттук (кыргыздын) колоритте болуусу абзел деген сунуштарын беришкен.

**Сөзгө чыкты:** кафедранын окутуучусу Сооронбаева К. А.:

- “Билим берүүдөгү менеджмент” магистрдик багыты боюнча мектеп жетекчилери күчтүү кадрларды даярдоо жана магистранттар теориялык билимдерин практикада колдоно билишсе деген сунуштарын беришкен.

**Чечим:**

1. “Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасы багыты боюнча сабак берген окутуучулар магистранттардын теориялык билими менен практиканы айкалыштырууга, математикалык маселелерди чыгаруу көндүмдөргө, сабак өтүү методикасына көңүл бурушсун.
2. “Билим берүүдөгү менеджмент” магистрдик багыты боюнча сабак берген окутуучулар магистранттардын теориялык билими менен практиканы айкалыштырууга, жетектөө көндүмдөргө, сабак өтүү методикасына көңүл бурушсун.
3. “Физика-математикалык билим берүү” магистрдик багыты жана “Билим берүүдөгү менеджмент” магистрдик багыты боюнча сабак берген окутуучулар сапаттуу билим берүүгө милдеттендирилсин.

МИОТжББМ каф. башчысы Келдибекова А. О.

Көчүрмө туура
Катчы Авазова Э. Т.

Сканировано с CamScanner